**Нарын районундагы Казаалы Абиров атындагы орто мектебин 2020-2021-окуу жылындагы жетишкендиктер боюнча маалымат**

2020-2021-окуу жылында мектеп окуучулары көптөгөн кароо-сынак, олимпиадалардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүсү болушту.

Атап айтсак: «Мен кыргызстандык экениме сыймыктанам!» аталыштагы райондук кароо-сынакка улуттук аспапта ойноо жанры боюнча 5-класстын окуучусу Кудайбергенова Бермет катышып , 2-орунду камсыздап, областтык турга жолдомо алды.

Интеллектуалдык менчик Мамлекеттик фондусу тарабынан уюштурулган «Келечек жаратманы» Республикалык олимпиадасында Шарапова Раяна, Сагынбек кызы Каухар, Максат кызы Толгонай, Тынчтыкбек кызы Дилбар катышып, кызыктыруучу сыйлыктын ээси болушту.Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча 2-Эл аралык ойлоп табуучулардын конкурсуна жолдомо алып,учурда долбоорлор конкурста каралып жатат.Жетектеген мугалими В.Өмүрова ыраазычылык кат менен , окуучулар сертификат жана диплом, баалуу белектер менен сыйланышты.

«Манас таануу» интеллектуалдык таймашында мектеп окуучуларынан түзүлгөн «Айкөл» жана «Асылзат» топтору райондук турда эң жогорку упай алып, 2 топ тең областтык турга жолдомо алышты.Даярдаган мугалими-Токтакунова Үмүт.

«Туулган жерим» аймак таануу республикалык конкурсуна окуучулар видео ролик жасап катышты.Даярдаган мугалими-В.Өмүрова

Республикалык окуучулар арасындагы экологиялык конкурста эссе жазуу боюнча 10-класстын окуучусу Максат кызы Толгонай 2-орунду камсыздап, диплом менен сыйланды.

Волейбол оюну боюнча Нарын районунун акиминин кубогун мектептин 9-11-классынын кыздары женип алышты. Даярдаган мугалими-Жапанов Руслан. «Мыкты топту оюнга кошуучу» наамын Нурлан кызы Асель , «Мыкты оюнчу» наамын Жангазиева Акылай алышты.

Хоккей оюну боюнча окуучулар « Ат-Башы районунун кубогу» мелдешинде 2-орунду камсыздашса, Кочкор районунун кубогунун ээси болду.

10-класстын окуучусу бейшеналиев Бекзат күрөш боюнча мектеп окуучулары арасында Нарын шаарынын биринчилигинде 1-орунду алып, областтык турдан 3-орунду алды. Кыргызстан биринчилигине жолдомо алды. Жетектеген мугалими-Б.Курманов

Башталгыч класстын мугалимдери «Клевер» олимпиадасына катышып, бир катар окуучулар жеңүүчү аталып,дипломдор менен сыйланышты.

Мектеп мугалимдери-В.Өмүрова,Г.Ысыралиева, Ж.Канатова, Ж.Дүйшөнакунова, А.Усубалиевалар «Глобалдык өзгөрүүлөр фондусунун» «Кесиптик багыт берүү» боюнча семинар-тренингдерине 2 жолу катышып, сертификаттын ээси болушту.

Англис тили мугалими С.Орозакунова КУАнын билимин жогорулатуу 72 сааттык курсунан окуду. «Эне-кызы» аталыштагы конкурстан жеңип, «Эне-кызы ортосундагы мамиле » аталыштагы 3 күндүк конференциясына ,Эл аралык TESOL (англис тилин чет тили катары окутуу ) 120 сааттык курсунда окуп жатат.Англис тили боюнча райондук предметтик олимпиадада даярдаган 11-класстын окуучусу Насирдин кызы Толкунай 4-орунду ээледи.

Математика мугалими – Ж.Канатова, башталгыч класс мугалими –А.Жунусова К.Карасаевдин 120 жылдыгына карата уюштурулган жат жазуу жазуу сынагына катышып, «4» ,«5» деген баага татыктуу болушту.

ЦООМОнун ЖРТга даярдоо боюнча 3 күндүк курсуна С.Турузбекова,Ү.Токтакунова, Ж.Канатова, С.Орозакунова катышып келишти.

Кыргыз тили сабагынан райондук турда Максат кызы Толгонай 3-орунду камсыз кылды. Даярдаган мугалими –Токтакунова Үмүт.

Уюштуруучу: В.Өмүрова